12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Кудаярова Барнохан Анваровнанын диссертациясына **экинчи расмий оппонент юридика илимдеринин кандидаты, доцент Уметов Кадырбек Акуновичтин**

**П И К И Р И**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Аялдарга карата зордук-зомбулук социалдык кысым, негизинен, аялдардын аларга каршы жасалган кээ бир аракеттерди билдирүүсүнө жол бербеген уяттуулук менен күчөп жатат; аялдардын укуктук жардамга же коргоого жетишсиздиги; мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын колдонуудагы укуктук ченемдер жөнүндө маалыматты жайылтуу жана алардын сакталышын камсыз кылуу боюнча начар аракеттери, зордук-зомбулуктун себептерин жана кесепеттерин жоюу боюнча тарбиялык жана башка чаралардын аздыгы болууда. Жогоруда айтылгандардын баары аялдардын жашоосуна коркуу жана ишенимсиздик сезимин алып келет жана алардын тең укуктуулукка жетүү каалоосун ишке ашырууга тоскоолдук болуп саналат.

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргоо казак коомчулугу үчүн актуалдуу маселе экенин моюнга алуу керек. Кырдаалдын катаалдыгы экономикалык кризистен жана терс социалдык көрүнүштөрдөн улам калктын оор социалдык-экономикалык абалы менен күчөйт; үй-бүлөдө ырайымсыздыктын жана зомбулуктун күчөшү; үй-бүлөлүк зомбулукту декриминалдаштыруучу мыйзамдын жеткилең эместиги; зомбулуктун чыныгы масштабын баалоо кыйынчылыгы; калктын өз укуктарын жана аларды коргоо жолдорун кеңири билбестиги; жогорку кечигүү; үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жаатында чараларды ишке ашыруучу субъектилердин арасында ресурстардын жетишсиздиги, анын ичинде аларды жетишсиз координациялоо, ошондой эле казак коомундагы үй-бүлөлөрдүн «жабыкдыгы».

Изденүүчүнүн илимий натыйжаларын диссертациянын максаты жана ага жетүү жолдорун аныктаган маселелер, жана ошондой эле



Отзыв поступил в ДС/40 ... уч. секретарь д.ю.н. Жилкичиева ...

диссертациянын түзүмдүк композициясы менен дал келип, илимий изилдөөнүн маңызы менен мазмунун толук чагылдырышкан деп бааласа болот.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун жана ага каршы күрөш жүргүзүүнүн укуктук багыттарынын теориялык жактан жеткиликтүү деңгээлде изилдөөгө алынбагандыгынына натыйжасында бул маселе бул күндөргө чейин коомдо курч проблемалардын бири катары сакталып келүүдө жана бул көйгөй диссертанттын ушул диссертациялык изилдөө ишине киришүүгө түрткү болду.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук Аттестациялык Комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» 2022-жылдын 18-январындагы № 12 жобосунун кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарынын чегинде даярдалгандыгы шек жаратпайт.

**2. «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

Кудаярова Барнохан Анваровнанын өзүнүн кандидаттык диссертациясында 6 натыйжадан турган корутундуну коомдук коргоого алып чыккан. Натыйжаралары диссертацияда жана афторефератта берилгенден кийин, аларды бул жерде кайталап отуруунун кажети жок деп эсептейм. Ошондуктан мында ошол натыйжалардын маңызына жана мазмунуна жалпы баа берилет.

Изденүүчүнүн илимий натыйжаларын диссертациянын максаты жана ага жетүү жолдорун аныктаган маселелер, жана ошондой эле диссертациянын түзүмдүк композициясы менен дал келип, илимий изилдөөнүн маңызы менен мазмунун толук чагылдырышкан деп бааласа болот.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү» жобосунун кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарынын чегинде даярдалгандыгы шек жаратпайт.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Изденүүчүнүн диссертациясынын максаты, түзүлүшү жана анда иштеп чыккан жыйынтыктары менен корутундулары илимий эмгектин жана андагы изилдөө ишинин ички бүтүндүгүнөн кабар берет.

Ушуга байланыштуу, изденүүчү тарабынан алынган илимий натыйжалар жалпы жонунан тиешелүү деңгээлде даярдалган, негиздүү жана ишенимдүү деген баага жооп берет.

Анткени диссертанттын илимий жыйынтыктары жана корутундулары Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо коргоо жана ага каршы күрөшүгө теориялык-укуктук негиздерине арналган алгачкы комплекстүү монографиялык изилдөөлөрдүн биринен экендигинде. Диссертациялык иште диссертант укуктук категория катары карап жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун төмөнкүдөй автордук аныктамалары теориялык жактан негизделип чыкты:

- автор тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун физикалык, экономикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулук сыяктуу түрлөрү өз алдынча талдоого алынды;
- үй-бүлө ичиндеги кылмыштуу зомбулук үчүн жооп берүүнүн мыйзамдык негиздерине заман талаптарына ылайык комплекстүү өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү сунушталды;
- үй-бүлөлүк зомбулукка алып келүүчү негизги социалдык-психологиялык факторлор аныкталды;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажырыйбаларды эске алуу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу системалары өркүндөтүлдү жана алар жалпы коомчулукка сунушталды.

**4. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

Кудаярова Барнохан Анваровнанын кандидаттык диссертациясынын

*1-натыйжа. Салыштырмалу жаңы, анткени* диссертант үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук проблемасынын тарыхый-укуктук контекстин изилдөө революцияга чейинки Кыргызстанда аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун мыйзамдуу аныктамасы болбогонун көрсөттү.

*2 -натыйжа. Жаңылыгы,* аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулукка автордун аныктамасы болуп саналат.

*3 -натыйжа. Жаңы, анткени* автор аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун эл аралык тажрыйбасын талдоо менен автор аялдарга карата зомбулукка, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү жана алдын алуу механизмдерин караган бирдиктүү эл аралык укуктук документтин жоктугун жана бул көйгөйдү чечүүнүн системалуу макулдашылган мамилеси иштелип чыга электигин негиздеди.

*4 -натыйжа. Салыштырмалу жаңы,* диссертациянын автору аялдардын статусу боюнча комиссиянын жана аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча комитеттин функцияларын кеңейтүүнү, мамлекеттердин өз милдеттенмелерин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү менен чектелбестен, алардын аткарбаганы үчүн жаза чараларын аныктоону сунуштады.

*5 -натыйжа. Жаңы,* анткени автор жергиликтүү комитеттердин коомдук абалы аларга үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча коюлган милдеттерди толук натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк бербейт деп негиздеди. Жергиликтүү комитеттердин статусун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде туруктуу башкаруу органдарына айландыруу аркылуу жакшыртууну сунуштады.

*6 - натыйжа. Жаңылыгы,* аялдарды зомбулуктан коргоонун натыйжалуу системасын түзүү үчүн параллелдүү институттук реформаларды жана практикалык чараларды киргизүү маанилүү шарт болуп саналат.

**5. Диссертациядагы алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо**

Изилдөөнүн түзүмү коюлган максаттар жана милдеттер, материалдар менен натыйжалардын логикалуу жана ыраатту берилүүсү менен шартталды. Диссертациялык изилдөөдө алынган илимий-методикалык жана юридикалык натыйжалар диссертанттын жекече аракеттеринин жана изденүүлөрүнүн натыйжасында келип чыкты.

**6. Изденүүчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Коргоого коюлган Кудаярова Барнохан Анваровнанын диссертациясы бул Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоонун боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга жана ошондой эле теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө арналган.

Диссертацияда айтылган тыянактар жана сунуштар үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзам чыгаруу жана мыйзам колдонуу ишмердигинде; орто жана жогорку окуу жайларында укуктук сабактарды окутууда колдонулушу мүмкүн.

Колдонуулган чөйрөсү бул мамлекет жана укук теориясы; конституциялык укук; муниципалдык укук; кылмыш-жаза мыйзамы жана криминология.

Келтирилген теориялык жоболордун бул багытты келечекте андан ары изилдөөчүлөр үчүн колдонулуу мүмкүнчүлүгүндө. Диссертациялык иште үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун, ага каршы күрөш алып баруунунтеориялык-прикладдык жактары ачылды. Биз изилдөөгө алып жаткан негативдик социалдык-укуктук көрүнүшкө, анын түрлөрүнө жана формаларына, келип чыгуу себептерине терең жана ара тараптуу теориялык баа берилди.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ички иштер органдарынын, сот органдарынын иш практикасына, атайын юридикалык адабияттарга талдоо жүргүзүлгөндүгүндө. Диссертациянын материалдары жана алынган натыйжалар илимий басылмаларда жарык көрдү, алар боюнча жергиликтүү, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда докладдар окулду жана алар угуучулар тарабынан жакшы кабыл алынды.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын жарыялануусун ырастоо**

Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары изденүүчүнүн 16 илимий эмгектеринде чагылдырылган.


1. **Кудаярова, Б.А.** Права женщин в общественной и политической жизни [Текст] / Б.А. Кудаярова, А.Асанов // Вестник МНУ №1 выпуск 2022 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/10/vestnik-2021-1.pdf, 93-95 с.
2. **Кудаярова, Б.А.** Защита имущественных прав женщин и детей путем заключения брачного договора [Текст] / Б.А. Кудаярова, К.К. Юлдашов // Известия ВУЗов Кыргызстана №: 6, Год: 2021 DOI:10.2IVK.2019.45. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/archive/15314 557, 131-135 с.
3. **Кудаярова, Б.А.** Балалуу аялдардын эмгек мыйзамында укуктарын коргоо. [Текст] / Б.А. Кудаярова, М.С.Чонатаева // Вестник МНУ №1 выпуск 2022 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/10/vestnik-2022-1.pdf , 259-261 с.
4. **Кудаярова, Б.А.** Балдарга болгон зомбулуктун актуалдуу маселелери. [Текст] / Б.А. Кудаярова, М.С.Чонатаева // Вестник МНУ №1 выпуск 2022 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/10/vestnik-2022-1.pdf , 262-265с.
5. **Кудаярова, Б.А.** Байыркы дуйнодо феминизмдин жана аялдын укуктук статусун келип чыгышынын тарыхы. [Текст] / Б.А. Кудаярова, К.К. Юлдашов, М.С.Чонатаева // Вестник МНУ №3 выпуск 2022 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2022/10/vestnik-2022-3.pdf, 219-223 с.
6. **Кудаярова, Б.А.** Руханий адеп-ахлактык тарбия уй-булодон башталат. [Текст] / Б.А. Кудаярова, Ш.И. Мадышева // Вестник МНУ

№4 выпуск 2022 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2023/02/vestnik-%E2%84%964-2022.pdf, 223-225 с.

7. **Кудаярова, Б.А.** Некоторые теоретические подходы к вопросу об изучении института семьи [Текст] / Б.А. Кудаярова, Ш.И. Мадышева // Научный журнал Тенденции развития науки и образования № 82-4, 2022 год, https://elibrary.ru/item.asp?id=48071128 , 81-86 с.
8. **Кудаярова, Б.А.** Содержание понятия «насилие в семье» [Текст] / Б.А. Кудаярова // Научный журнал Тенденции развития науки и образования №: 88-4, Год: 2022, https://elibrary.ru/item.asp?id=49410624 , 43-47 с.
9. **Кудаярова, Б.А.** О международном законодательстве по противодействию семейному насилию [Текст] / Б.А. Кудаярова // Научный центр «LJournal» Сборник научных трудов по результатам III международной научно-практической конференции «Новое поколение: достижения и результаты молодых ученых в реализации научных исследований» 5 января 2023, Саратов, https://elibrary.ru/item.asp?id=53815011&pff=1 , 18-22 с.
10. **Кудаярова, Б.А.** Семья как комплексный институт права [Текст] / Б.А. Кудаярова // Научный журнал Тенденции развития науки и образования №:96-5, Год: 2023, https://doicode.ru/doifile/lj/96/lj042023p5.pdf , 164-167 с
11. **Кудаярова, Б.А.** Истоки криминального насилия в семье [Текст] / Б.А. Кудаярова // Евразийский юридический журнал 8 выпуск - 2023 год, https://eurasialaw-journal.ru/ 256-258 с.
12. **Кудаярова, Б.А.** Факторы семейного насилия в КР [Текст] / Б.А. Кудаярова // Сборник научных трудов по результатам VII международной научно-практической конференции Новое поколение: достижения и результаты молодых ученых в реализации научных исследований 5 ноября 2023, Екатеринбург, https://doicode.ru/doifile/npdrmuvrni/7/npdrmuvrni11.2023.pdf 25-29 с.
13. **Кудаярова, Б.А.** Ооганстан Республикасында аялдардын укуктарынын актуалдуу маселелери [Текст] / Б.А. Кудаярова, М.Б.Умурзакова // Вестник МНУ №1 выпуск 2023 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2024/02/vestnik_1_2023-pechat.pdf, 99-104 с.
14. **Кудаярова, Б.А.** Балдарды зомбулуктан сактоодо жана коргоодо прокуратуранын ролу [Текст] / Б.А. Кудаярова, М.Б.Умурзакова // Вестник МНУ №3 выпуск 2023 год. ISSN 1694-5913 https://mnu.kg/wp-content/uploads/2023/06/vestnik-3_2023_inter.pdf, 278-279 с.
15. **Кудаярова, Б.А.** Үй-бүлөлүк коопсуздуктун жалпы теориясы жөнүндө [Текст] / Б.А. Кудаярова, Г.К.Кулдышева, К.К.Юлдашов // Научный журнал Известия ВУЗов Кыргызстана №4 2024-год, август.

16.**Кудаярова, Б.А.** Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун укуктук механизмдерин өркүндөтүү жөнүндө [Текст] / Б.А. Кудаярова, Г.К.Кулдышева // Научный журнал Известия ВУЗов Кыргызстана №4 2024-год, август.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Кудаярова Барнохан Анваровнанын автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен шайкеш келип, негизги жоболорду, корутундуларды жана натыйжаларды чагылдырат. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси бар. Автореферат Кыргыз Республикасынын УАКтын талаптарына жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчилдиктери.**

Ошол эле учурда диссертациянын айрым жоболору, корутундулары жана сунуштары иштелип чыгып, кененирээк чагылдырылышы керек.

*Биринчиден,* автор, коргоого берилген экинчи жободо, "……аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулукту изилдөөнүн илимий-укуктук мамилелери аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун концептуалдык моделин иштеп чыгууну талап кылат жана аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулукка автордун аныктамасын сунуштайт". Биздин оюбузча, бул аныктама автор тарабынан толук эмес негизделген. Мындан тышкары, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинде үй-бүлөлүк зомбулук деген эмне экендиги жөнүндө так жана түшүнүк берилген. Биздин оюбузча, сунушталып жаткан аныктаманы кеңири негиздөө диссертациялык ишти теориялык жактан байытмак.

*Экинчиден*, автор коргоого сунушталган үчүнчү жободо, аялдарга карата зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенцияны кабыл алууну эл аралык деңгээлде сунуштайт, ал бул конвенциянын бардык катышуучулары үчүн аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чараларын бириктирет, муну аялдардын бардык түрлөрүнө каршы конвенцияда үй-бүлөлүк зомбулуктун терминологиялык жоктугу менен негиздейт. Ошол эле учурда бул конвенция аялдарды басмырлоо жаатындагы маселелердин бардык комплексин жөнгө салат. Диссертациянын текстине ылайык, автор бул сунуштун Кыргыз Республикасы үчүн зарылдыгын так негиздеп жана тастыктоосун келтирген эмес. Биздин оюбузча, бул сунушту алда канча толук негиздөө жана аргументтөө диссертациялык ишти практикалык жактан байытмак.

*Үчүнчүдөн,* автор коргоого сунушталган бешинчи жободо «жергиликтүү комитеттердин статусун жергиликтүү өз алдынча

башкаруунун деңгээлинде туруктуу иштөөчү мамлекеттик органга айландыруу аркылуу жогорулатууну» сунуштайт. Бирок, диссертациянын текстине ылайык, автор бул сунушту ишке ашыруу механизмдерин жетиштүү негиздеп, аргументтеген эмес. Биздин оюбузча, бул сунушту ишке ашыруунун жолдорун деталдуу иретке келтирүү ишти практикалык жактан байытар эле.

Ошону менен бирге, аталган кемчилдиктер жана сын-пикирлер диссертациянын натыйжаларын, иштин актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоого маанилүү тоскоол боло албастыгын дагы белгилемекмин.

Негизинен Кудаярова Барнохан Анваровнанын диссертациялык изилдөөсү актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берген, жогорку квалификациядагы эмгек экендиги талашсыз.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши**

Кудаярова Барнохан Анваровнанын «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктан аялдарды сактоо жана коргоонун теориялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча жазылган жана толугу менен бүткөн изилдөө болуп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук Аттестациялык Комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» талаптарына толук жооп берет.

Диссертант Кудаярова Барнохан Анваровна 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Экинчи расмий оппонент юридика**
**илимдеринин кандидаты,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**Юридикалык институтунун**
**мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы**
**кафедрасынын доценти,** **Уметов К.А.**

Уметов К.А колун тастыктайм